башталгыч класстардын окуучуларын сапаттуу тилдик даярдыктан өткөрүп, алардын жалпы өнүгүүсүнө салым кошуу – тил илими менен педагогиканын кесилишиндеги негизги милдеттердин бири катары каралышы керек.

Колдонулган адабияттар

1. Асылгараев Ш.Н. Синтагматическое членение татарской речи (экспериментально-фонетическое исследование): Автореф. дис. . .канд. филол. наук / Ш.Н.Асылгараев. Казань, 1968. — 22 с.
2. Сагдеева Ф. К. Проблемы культуры татарской речи в условиях активного двуязычия: автореферат диссертации на соискание ученой степени кандидата филологических наук: специальность 10.02.02 - языки народов Российской Федерации (татарский язык) https://dspace.kpfu.ru/xmlui/handle/net/116731
3. Головин Б.Н. Основы культуры речи. - М., 1987.
4. Дүйшеев Ж. Сүйлөө маданияты жана стилистика.- Б.,2016.
5. Мамлекеттик тилди окутуунун актуалдуу маселелери. Б. 2017. 140-бет, 165-бет
6. Мусаев С.Ж. Кеп маданиятынын маселелери. - Б., 1993.
7. Мусаева В. Байланыштуу кепти, кептин стилдерин окутуунун илимий- методикалык негиздери. 5-11-кл. Монография. Б. “Гүлчынар” 2009. 5-бет
8. Токоев Т.Т. Тил жана сүйлөшүү проблемасы.- Б.,2012
9. Уметалиева Т.У. Кеп маданияты жана норма.- Б.,2021.
10. Чыманов Ж.А. Кыргыз тили: Окутуу методдору. Б. 2007. 55-бет.
11. Конгайтиева, С.А. Жусуп Баласагын жана заманбап педагогика / С.А. Конгайтиева, Н. Ш. Файзуллаев // Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин Жарчысы. – 2024. – №3(119). – P. 18-23. – DOI 10.58649/1694-8033-2024-3(119) -18-23. – EDN DLFLQC.
12. Сулайманова Р.Т., Алымкулова Н.А. Заманбап мугалимди окуучулардын таанып-билүү активдүүлүгүн өнүктүрүүгө даярдоо. Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин Жарчысы. 2024. № 3 (119). С. 38-45. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=74919223

Рецензент: ф.и.к. Устабаева Г.К.

УДК: 37.013.2
DOI 10.58649/1694-9099-2026-1-180-186

Кошалиева С.Ш., Абдыкапарова А.О.
Академик Кусеин Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университети,
И. Арабаев атындагы КМУ
Кошалиева С.Ш.,[1] Абдыкапарова А.О.[2]
Бишкекский государственный университет имени академика Кусеина Карасаева,[1]
КГУ имени И.Арабаева[2]
Koshalieva S. Sh., Abdykaparova A. O.
Bishkek State University named after Academician Kusein Karasaev
KSU named after I.Arabaev

АДЕП-АХЛАКТЫК БААЛУУЛУКТАР ЖАНА ДЕНЕ ТАРБИЯ: HOLISTIC (БҮТҮНДҮК) ӨНҮГҮҮНҮН ОЙ ЖҮГҮРТҮҮ ЖОЛУ
НРАВСТВЕННО-ЭТИЧЕСКИЕ ЦЕННОСТИ И ФИЗИЧЕСКОЕ ВОСПИТАНИЕ: ПУТЬ МЫШЛЕНИЯ HOLISTIC (ЦЕЛОСТНОГО) РАЗВИТИЯ
MORAL AND ETHICAL VALUES AND PHYSICAL EDUCATION: A HOLISTIC PATH OF THOUGHT FOR INTEGRAL DEVELOPMENT

Кыскача мүнөздөмө: Бул макала «Улуттук дем – дүйнөлүк бийиктик» концепциясынын алкагында улуттук тарбия системасында дене тарбиясы менен адеп-ахлактык баалуулуктардын айкалышын талдоого арналган. Holistic (бүтүндүк) тарбия модели сунушталып, инсанды өнүктүрүүдө руханий дүйнө, этикалык жүрүм-турум жана дене тарбиянын өз ара байланышкан бүтүндүгү көрсөтүлөт. Макалада “жан менен дене – эки башка, бирок ажырагыс касиет” деген идея негизги философиялык өзөк катары алынат. Философиялык, психологиялык жана педагогикалык

аспектилерде дене тарбия менен адептик өнүгүүнүн байланышы каралып, бул элементтерди интеграциялоо аркылуу инсан бүтүндүгүн калыптандыруу мүмкүнчүлүктөрү ачып берилет. Ошондой эле, тарбиядагы азыркы көйгөйлөр жана аларды чечүү жолдору талданып, дене-рух гармониясына жеткирүүчү практикалык модель сунушталат. Балдарды ар тараптуу өнүктүрүүдө дене жана адептик баалуулуктардын биримдиги маанилүү фактор катары баса белгиленет.

Аннотация: Данная статья посвящена анализу взаимодействия физической культуры и нравственно-этических ценностей в системе национального воспитания в рамках концепции «Национальный дух – мировая высота». Предлагается модель holistic (целостного) воспитания, в которой духовный мир, этическое поведение и физическое развитие рассматриваются как взаимосвязанные элементы единой системы. В основе статьи лежит идея: «душа и тело – разные, но неразделимые сущности».Рассматривается взаимосвязь физического воспитания и духовно-нравственного развития с философской, психологической и педагогической точек зрения. Показаны возможности интеграции этих направлений для формирования целостной личности. Также анализируются современные проблемы воспитания и предлагаются пути их решения через разработку практической модели, способствующей гармонии тела и духа. Отмечается, что единство физического развития и нравственных ценностей является ключевым фактором всестороннего развития детей.

Abstract: This article explores the integration of physical culture and moral-ethical values within the national education system, based on the concept of “National Spirit – Global Heights.” A holistic education model is proposed, where spiritual development, ethical behavior, and physical training are viewed as interconnected components of a unified system. The central philosophical idea of the article is: “The soul and body are distinct, yet inseparable entities.”The article analyzes the relationship between physical education and moral-spiritual development from philosophical, psychological, and pedagogical perspectives. It highlights the potential of integrating these elements to foster a holistic individual. Current challenges in education are discussed, and a practical model is offered to promote harmony between body and spirit. The unity of physical development and ethical values is emphasized as a key factor in the comprehensive development of children.

Негизги сөздөр: руханий дүйнө; дене тарбия; адеп-ахлактык өнүгүү; педагогика; психология; философия; интеграция; тарбия процесси; инсандык сапаттар.

Ключевые слова: духовный мир; физическое воспитание; нравственное развитие; педагогика; психология; философия; интеграция; воспитательный процесс; личностные качества.

Keywords: spiritual world; physical education; moral development; pedagogy; psychology; philosophy; integration; educational process; personal qualities.

“Улуттук дем – дүйнөлүк бийиктик” концепциясынын негизинде улуттук тарбия системасында дене маданияты менен адеп-ахлактык баалуулуктардын айкалышын талдоого багытталган.

2024-жылдын 18-декабрында Кыргыз Республикасынын Президенти Садыр Жапаров тарабынан жарыяланган бул концепция руханий кайра жаралуунун жаңы баскычын белгилеп, кыргыз элинин маданий, адептик жана дене тарбиялык салттарын кайра жандандырууну максат кылат.

Ушул контекстте, макалада инсанды тарбиялоонун holistic (бүтүндүк) моделине өзгөчө көңүл бурулат. Руханий дүйнө, этикалык жүрүм-турум жана дене тарбиянын биримдиги адамдын толук кандуу өнүгүүсү үчүн ажырагыс шарт экени илимий негизде көрсөтүлөт.

Мындай бүтүндүк мамиле билим берүүнүн мазмунун байытып, баланын көп тараптуу өнүгүүсүнө шарт түзөт. Автор “жан менен дене – бул эки башка, бирок бири-биринен ажырагыс касиет” деген идеяны негизги концепциялык өзөк катары берет.

Макалада дене тарбия менен руханий-адептик өнүгүүнүн ортосундагы байланыш философиялык, психологиялык жана педагогикалык өңүттө талданып, бул тармактардын интеграциясы аркылуу инсандын бүтүндүгүн камсыздоонун жолдору каралат.

Ошондой эле толук кандуу башкаруу методунун негизинде дене-руханий гармонияга жетишүүнүн педагогикалык модели сунушталат. Мында тарбия системасындагы кемчиликтер, алардын себептери жана өркүндөтүү мүмкүнчүлүктөрү аналитикалык негизде баяндалат.

Адамдын руханий дүйнөсү менен дене абалынын өз ара байланышы изилденип, алардын биримдиги аркылуу инсан өнүгүүсүндөгү “жарааттар” аныкталууга аракет жасалат.

Адеп-ахлактык баалуулуктар менен дене тарбиясынын өз ара толуктап туруучу гармониялуу тутуму талданып, бул эки тарбия багытынын билим берүү процессиндеги орду жана мааниси философиялык, этнопедагогикалык жана маданий аспектиде каралат.

Мектепке чейинки жана мектеп жашындагы балдардын тарбия процессинде физикалык, руханий жана моралдык өнүгүүнүн негиздери салынат. Ар тараптуу өнүгүү үчүн бул эки компоненттин интеграциясынын зарылдыгы далилденет.


Адам баласынын руханий дүйнөсү менен анын дене абалы – бул эки башка нерсе эмес, тескерисинче, бири-бирин толуктап туруучу, бир бүтүндүктү түзгөн ажырагыс эки бөлүк. Чыныгы инсандын өнүгүүсү бул – ичтеги дүйнө менен сырттагы туюмдун биримдигинен башталат. Бул экөөнүн ортосундагы байланыш адамдын күнүмдүк жүрүм-турумунда, адеп-ахлактык чечимдеринде, өзүн-өзү баалоосунда жана коомго болгон мамилесинде даана көрүнүп турат. 2024-жылдын 18-декабрында Кыргыз Республикасынын Президенти Садыр Жапаров “Улуттук дем – дүйнөлүк бийиктик” уңгузолун кабыл алуу жөнүндө жарлыкка кол койду. Бул документ Кыргызстандын коомдук-саясий, социалдык-экономикалык жана маданий-руханий өнүгүүсүнүн стратегиялык багыттарын аныктап, улуттук идеологиялык негиздерди бекемдөөгө багытталган.[1].

Кыргыз элинин: “Жан дүйнөсү таза адамдын – денеси да таза болот” деген накылы бекеринен айтылган эмес. Бул ойдун тамырында адам денесине гана эмес, жан дүйнөсүнө да кам көрүү зарылдыгы жатат. Руханий тазалык – бул ар-намыстын, жоопкерчиликтин, сабырдуулуктун, адилеттүүлүктүн, боорукерликтин көрүнүшү. Ал эми дене тарбия – ошол сапаттардын физикалык жүрүшүндө чагылуусу, тагыраак айтканда, карапайым көнүгүүлөр аркылуу тарбияланган ички тартип [2]. Мындай көз караш менен караганда, адеп-ахлактык тарбия менен дене тарбиянын байланышы жөн гана кошо жүрө турган эки сабак эмес, алар – бир системанын эки компоненти, бири экинчисин кубаттап турган күч. Мисалы, дене тарбия аркылуу бала эрктүүлүктү, туруктуулукту, чыдамкайлыкты, максат коюп жетүүнү үйрөнөт. Бул сапаттар, өз кезегинде, адамдын адеп-ахлактык деңгээлин бекемдөөгө өбөлгө түзөт. Тескерисинче, руханий баалуулуктарсыз дене тарбия да жалаң механикалык кыймылга айланып калат [3].

Бул темада адеп-ахлактык тарбия менен дене тарбиянын байланышы [13] – педагогикалык процесс аркылуу кандайча чагылат, ал кандай ыкмалар менен ишке ашырылат жана мунун коомдук турмушка тийгизген таасири кандай – биз ушул суроолорго жооп издеген болобуз. Себеби бүгүнкү коомдо инсан тарбиялоо – бул жалаң билим берүү эмес, анын ички дүйнөсүн, жүрөгүн жана денесин бирдей тарбиялоо болуп калды. Дал ушул үч багыттын: билим, руханий тазалык жана дене саламаттыгынын гармониялуу биримдиги аркылуу күчтүү, боорукер жана жоопкерчиликтүү муунду калыптандыруу мүмкүн. Ушул контекстте, макалада инсанды тарбиялоонун holistic (бүтүндүк) моделине өзгөчө көңүл бурулат. Педагогикалык модель:

Таблица 1. Жан дүйнө менен дененин гармониясы аркылуу инсандын бүтүндүк өнүгүүсү

Компоненттер	Мазмуну жана максаты
1. Философиялык негиз	- “Улуттук дем – дүйнөлүк бийиктик” концепциясы - Платон, Аристотель, Конфуцийдин идеялары - Инсандын жан дүйнөсү менен денесинин биримдиги – руханий-физикалык бүтүндүк
2. Баалуулуктар системасы	- Адеп-ахлактык принциптер: сабырдуулук, адилеттүүлүк, боорукерлик, намыскөйлүк - Руханий тазалык – инсанды калыптандыруунун негизи
3. Дене маданияты	- Физикалык көнүгүүлөр аркылуу тартип, чыдамкайлык, эрктүүлүк, жоопкерчилик калыптанат - Дене тарбиясы – ички дүйнөнүн сырттагы чагылышы
4. Holistic (бүтүндүк) өнүгүү	- Интеллектуалдык, руханий, физикалык өнүгүүнүн интеграциясы - Ар тараптуу инсанды калыптандыруу
5. Педагогикалык процесстеги ролу	- Мектепке чейинки жана мектеп жашындагы балдардын тарбиясында биримдиктүү ыкма колдонулат - Адептик жана физикалык көндүмдөрдү чогуу өнүктүрүү - Бир багыт экинчисин толуктайт жана күчтөндүрөт
6. Окутуу формалары жана ыкмалары	- Практикалык көнүгүүлөр менен этикалык темадагы рефлексия - Оюндар, тренингдер, эссе жазуу, адептик талкуулар - Ден-соолук күндөрү, этика сабактары жана спорттук тарбиянын жуурулушкан программасы
7. Тарбиялык натыйжалар	- Тартиптүү, жоопкерчиликтүү, боорукер, дене жана жан дүйнөсү таза инсанды тарбиялоо - Коомго пайдалуу, гармониялуу жана руханий-физикалык жактан тең салмактуу муунду калыптандыруу
8. Башкаруу жана өнүктүрүү	- Толук кандуу башкаруу ыкмасы колдонулат (пландоо, талдоо, баалоо, өркүндөтүү) - Мугалимдер, ата-энелер, коомдук мекемелер биргелешип иштешет
9. Улуттук тамырларга таянуу	- Кыргыз элинин макал-лакаптары, каада-салттары, тарыхый философиясы колдонулат - “Жан дүйнөсү таза адамдын – денеси да таза болот” сыяктуу элдик акыл-насааттар интеграцияланат



Антикалык философтордун көз карашы

Платондун философиясында адам эки өзгөчөлүккө ээ: дене (материя) жана жан (рух). Ал “Тимей” чыгармасында денени руханий өнүгүүнүн куралы катары карайт. Дененин тазалыгы, тартипте болушу – жан дүйнөнүн тунуктугуна өбөлгө болот. Мисалы, ал ар бир адам денесин жакшы карап, аны аша чапкан ыракаттардан сактап, “жаны татыктуу жашашы үчүн” дене тарбия керек деп эсептеген [1].

“Жан дүйнө – кудайдын белеги, ал эми дене – жанды көрүүгө мүмкүндүк берген чыны” (Платон).

Платон – дене менен жан дүйнөнүн байланышына чоң маани берген философ. Ал өзүнүн "Мамлекет" аттуу эмгегинде жан – бул адамдын негизги маңызы, ал эми дене – ошол жандын убактылуу турагы деп эсептеген. Бирок ошол эле учурда Платон дене аркылуу өзүн-өзү башкаруу, дисциплина жана тартип сыяктуу сапаттар өнүгөрүн да белгилеген. Демек, денени тарбиялоо – жанды тазартып, аны бийик деңгээлге көтөрүү үчүн зарыл шарт [3].

Аристотель болсо, адамдын максаты – “евдаймонияга”, башкача айтканда, жан дүйнөнүн бактысына жетүү деп эсептеген. Ага жетиш үчүн адам өзүнүн табигый жөндөмдөрүн өнүктүрүшү керек. Ал жөндөмдөрдүн бири – физикалык жактан өнүгүү, башкача айтканда, дене тарбия. Анын “Никомахова этика” чыгармасында дене менен жан – бири-биринен ажырагыс, бири экинчисин толуктап турган эки реалдуу чөйрө. Жакшы мүнөз, адептүүлүк, сабырдуулук – бул “руханий көндүмдөр”, алар дене аркылуу жашоодо жүзөгө ашырылат. Аристотель үчүн этика жана практикалык философия дене-рух тандеминде гана ишке ашат. Адамдын жыргалчылыгы, бул экөөнүн тең салмактуулугунда – деп ойлойт [4].

Конфуций – чыгыш философиясынын таасирдүү өкүлү катары, руханий жана этикалык нормаларды дене тарбия менен айкалыштыруунун үлгүсүн берген. Анын философиясында адам өзү менен үзгүлтүксүз иштеши, өзүн тарбиялашы, адамгерчиликке умтулушу – бул физикалык, руханий жана моралдык биримдиктин натыйжасы [4]. Чыгыш философиясынын алыбы Конфуций болсо адамдын ишенимдүүлүгүн, сабырдуулугун, намыскөйлүгүн – руханий абал менен денелик машыгуунун натыйжасында гана ишке ашат деп эсептеген.

Ал: “Ийгилик – бул ички тынчтык менен тышкы тартиптин биримдиги”, – деген. Конфуций үчүн дене – бул жаратылыштын бөлүгү, аны ыйык сактап, аны менен максаттуу иштөө – бул да адеп-ахлактык милдет [5].

Жыйынтыктап айтканда, бул улуу ойчулдар денени өзүнчө карашкан эмес, тескерисинче, жан дүйнөнүн күзгүсү деп карашкан. Жан дүйнө таза болсо, дене да тартиптүү, тың жана пайдалуу болот. Бул идея бүгүнкү күндө да актуалдуу: инсандык өнүгүү – рух менен дененин гармониясында гана мүмкүн.

Кыргыз философиясында: “Ден соолук – байлыктын башы”. Бул элдик накыл – кыргыз элинин байыркы философиялык түшүнүгүнүн туу чокусу. Ал адамдын физикалык абалы, жаратылыш менен болгон байланышы жана руханий дүйнөнүн таза болушу – түздөн-түз байланышта экенин билдирет [5].

Кыргыз эли ден соолукту жалаң “оору жоктук” деп түшүнгөн эмес, тескерисинче, толук жашоо жөндөмдүүлүгү, ишке болгон эрк, кылган ишке жоопкерчилик, башкаларга жардам берүү мүмкүнчүлүгү катары түшүнгөн. Ошондуктан ден соолук – бул жөн гана организмдин иштеши эмес, бул руханий энергиянын ишке ашуусу. Элибиз баланы тарбиялоодо: “Таза жүр”, “Жакшы сөз сүйлө”, “Ачууланба”, “Башка адамга жамандык каалаба” – деп үйрөткөн. Мунун баары – руханий тазалык жана ал тазалык ден соолукка да түздөн-түз байланыштуу.

Кыргыз элинин оозеки чыгармаларында, макал-лакаптарында жана жашоо образынын өзүндө жан менен дененин биримдиги дайыма баса белгиленген.

Макалдар жана түшүнүктөр: “Ден соолук – байлыктын башы” “Оору жанды кыйнайт, жан денени” “Жаны таза – жамандыктан алыс”[8].

Бул макалдар дене абалы руханий абалга түздөн-түз байланыштуу экенин тастыктайт. Элдик медицина, шаманизм жана ислам таасири менен кыргыз эли руханий дүйнөнү тазалоо үчүн атайын жөрөлгөлөрдү, тазалануу ыкмаларын колдонуп келген. Денени кыймылда кармоо, жаратылыш менен бирдикте болуу – бул жалаң физикалык гана эмес, руханий тазалыктын шарттары катары каралган.

Руханий тазалык – этикалык жүрүм-турумдун негизи. Руханий тазалык – бул жалаң диний же диний эмес түшүнүк эмес. Ал адамдын этикалык жүрүм-турумунда, ички ниетинде, башкаларга болгон мамилесинде көрүнөт. Руханий таза адам – бул: жаман ойдон алыс,өзүнүн максаты бар, башка

адамдарга зыян келтирбеген, өзүн жана башкаларды сыйлаган инсан [4].

Баалуулукка берилгендик – бул адамдын жашоосунда ак ниет, чынчылдык, боорукерлик, чыдамкайлык сыяктуу сапаттарды артык көрүшү.

Алсак, дене тарбия аркылуу балдарда эрктүүлүк, чыдамдуулук, жоопкерчилик сыяктуу баалуулуктар калыптанат. Бул болсо руханий тарбиянын практикалык көрүнүшү болуп саналат [8].

Жыйынтык

"Улуттук дем – дүйнөлүк бийиктик" концепциясынын алкагында руханий жана денелик тарбиянын өз ара байланышына таянып түзүлгөн бул изилдөө, инсанды holistic (бүтүндүк) көз караш менен тарбиялоонун маанисин тереңден ачып берет. Макалада адеп-ахлактык баалуулуктар менен дене тарбиясы бири-бирин толуктап туруучу, ажырагыс системанын эки негизги компоненти катары каралат.

Руханий дүйнө менен дене абалынын биримдиги адамдын сапаттуу өнүгүүсүнө өбөлгө түзүп, бул мамиле билим берүү мазмунун байытып, баланын көп тараптуу тарбиясын камсыз кылат. Макалада Платон, Аристотель, Конфуций сыяктуу философтордун көз караштары аркылуу бул теманын тарыхый-философиялык негизи да көрсөтүлүп, алардын ой жүгүртүүсү азыркы заманбап билим берүү системасына төп келери далилденет.

Ошондой эле, макалада "жан менен дене" биримдигине негизделген педагогикалык моделдин алкагында адеп-ахлактык тарбия менен дене тарбиянын өз ара байланышы кантип ишке ашары, мунун кандай методдор менен ишке ашырылары жана коомдук турмушка тийгизген таасири аналитикалык негизде талдоого алынган. Авторлордун пикиринде, билим берүү – бул жөн гана акылга маалымат берүү эмес, баланын ички дүйнөсүн, руханий тазалыгын жана физикалык өнүгүүсүн бирдикте калыптандыруучу жараян болушу керек.

Жыйынтыгында, бул илимий изилдөө дене-рух гармониясына негизделген улуттук тарбия модели аркылуу боорукер, эрктүү, жоопкерчиликтүү, адептүү жана ден-соолугу чың муунду тарбиялоо мүмкүн экенин көрсөтөт. Бул модель келечек муундардын толук кандуу өнүгүүсүнө негиз түзүп, улуттук идея менен дүйнөлүк тарбия системасынын ортосундагы көпүрө боло алат.

Список использованной литературы

1. «Улуттук дем – дүйнөлүк бийиктик» (Уңгу жол) доктринасы жөнүндө : Кыргыз Республикасынын Президентинин 2024-жылдын 18-декабрындагы № 369 Жарлыгы.
2. Бектурганов, К. Руханий тазалык жана адеп-ахлактык тарбия кыргыз коомунда // Кыргыз билим берүүсү. – 2021. – № 3. – 21–25-бб.
3. Волков, Г. Н. Педагогика жизни. – М. : Академия, 1989. – 228 с.
4. Алимбеков, А. Кыргыз этнопедагогикасы. – Бишкек, 1996. – 43 б.
5. Измайлов, А. Э. Педагогические воззрения народов Средней Азии и Казахстана / А. Э. Измайлов. – М. : Педагогика, 1981. – 176 с.
6. Кыргыз Республикасынын Конституциясы. – Бишкек : Юридикалык адабият, 2021. – 84 б.
7. Кошалиева, С. Ш. Мектеп жашына чейинки балдардын ден соолугун чыңдоодо оюн технологиясын колдонуу // Вестник Бишкекского государственного университета. – 2019. – № 4(50). – 158–160-бб.
8. Кошалиева, С. Ш. Мектеп жашына чейинки балдардын физикалык өнүгүүсү, ден соолукту сактоо технологияларын колдонуунун ыкмалары // Вестник БГУ. – 2022. – № 4. – 82–86-бб.
9. Педагогика : окуу куралы для студентов педагогических учебных заведений / В. А. Сластенин, И. Ф. Исаев, А. И. Мищенко, Е. М. Шиянов. – М. : Школа-Пресс, 1986. – 512 с.
10. Момунов, Т. Этнопедагогика негиздери. – Бишкек, 2012. – 56 б.
11. Токтомаматов, М. Жандын жана денеңин гармониясы – holistic тарбиянын негизи катары // Педагогика жана философия. – 2019. – № 2(8). – 33–38-бб.
12. Калдыбаева, А. Т. Кыргызстандагы заманбап билим берүүнүн тенденциялары жана көйгөйлөрү / А. Т. Калдыбаева, Р. Т. Сулайманова // Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин Жарчысы. – 2023. – № 2(114). – 43–50-бб. – DOI 10.58649/1694-8033-2023-2(114)-43-50. – EDN MPGMXM.
13. Сулайманова, Р. Т. Болочок мугалимдерди окуучуларды руханий-адептик жана дене бой жактан тарбиялоого даярдоо маселелери / Р. Т. Сулайманова // Вестник Ошского государственного

педагогического университета имени А. Мырсабекова. – 2021. – № 1(17). – 26–34-бб. – EDN OSVTLV.

Рецензент: пед. и. к., доцент Кырбашова М.Т.

УДК 373.3+51
DOI 10.58649/1694-9099-2026-1-186-191

Көчөрова А.К., Төрөгелдиева К.М.
Жусуп Баласагын атындагы КУУ, И.Арабаев атындагы КМУ
Кочорова А.К., Торогелдиева К.М.
КНУ имени Жусупа Баласагына, КГУ имени И.Арабаева
Kochorova A.K., Torogeldieva K.M.
KNU Jusup Balasagyn, KSU named after I.Arabaev

МАТЕМАТИКАЛЫК АНАЛИЗДИ ОКУТУУДА SMART ТЕХНОЛОГИЯСЫН КОЛДОНУУ. ИСПОЛЬЗОВАНИЕ SMART-ТЕХНОЛОГИЙ В ПРЕПОДАВАНИИ МАТЕМАТИЧЕСКОГО АНАЛИЗА. THE USE OF SMART TECHNOLOGIES IN TEACHING MATHEMATICAL ANALYSIS

Кыскача мүнөздөмө: Бул илимий макалада заманбап санариптик билим берүү чөйрөсүндө математикалык анализ сабагын окутууда SMART технологияларынын орду, колдонуу мүмкүнчүлүктөрү каралат жана мааниси изилденет. SMART-доска, интерактивдүү презентациялар, онлайн платформалар жана санариптик симуляциялар сыяктуу интерактивдүү окутуу каражаттарынын студенттердин билимге болгон кызыгуусун арттырууда, татаал теориялык түшүнүктөрдү жеңил өздөштүрүүдө жана активдүү ой жүгүртүү жөндөмдөрүн өнүктүрүүдө тийгизген таасири каралат. Макалада SMART технологияларын сабактын ар кандай этаптарында – жаңы материалды түшүндүрүүдө, мисалдарды чечүүдө, функцияларды визуалдаштырууда жана тестирлөө жүргүзүүдө – колдонуу мисалдары келтирилет. Ошондой эле бул жаны технологиялардын бирин киргизүүдөгү кыйынчылыктар – техникалык жабдуу жана мугалимдерди даярдоо маселелери да талкууланат. Жыйынтыгында SMART технологияларын колдонуу математикалык анализди окутуунун сапатын жогорулатууга өбөлгө түзөрү далилденет.

Аннотация: В данной научной статье рассматриваются место, возможности применения и значение SMART-технологий при преподавании математического анализа в современной цифровой образовательной среде. Анализируется влияние интерактивных средств обучения — таких как SMART-доски, интерактивные презентации, онлайн-платформы и цифровые симуляции — на повышение интереса студентов к обучению, более лёгкое усвоение сложных теоретических понятий и развитие навыков активного мышления. В статье приведены примеры использования SMART-технологий на различных этапах урока: при объяснении нового материала, решении задач, визуализации функций и проведении тестирования. Также обсуждаются трудности, возникающие при внедрении этих новых технологий, включая вопросы технического оснащения и подготовки преподавателей. В заключение делается вывод о том, что использование SMART-технологий способствует повышению качества преподавания математического анализа.

Abstract: This scientific article examines the role, application opportunities, and significance of SMART technologies in teaching mathematical analysis within the context of modern digital education. It analyzes the impact of interactive teaching tools — such as SMART boards, interactive presentations, online platforms, and digital simulations — on increasing students' interest in learning, facilitating the comprehension of complex theoretical concepts, and developing critical thinking skills. The paper provides examples of how SMART technologies are applied at different stages of a lesson, including the explanation of new material, problem-solving, function visualization, and assessment. It also discusses the challenges associated with implementing these new technologies, such as technical equipment and teacher training. The study concludes that the use of SMART technologies contributes to improving the quality of mathematical analysis instruction.

Негизги сөздөр: SMART технологиялары; математикалык анализ; санариптик окутуу; интерактивдүү каражаттар; визуалдаштыруу; жогорку билим берүү; педагогикалык технологиялар.